ЕККУ Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун **Бишкектеги программалык кеңсеси**

Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссия Кыргыз Республикасы

Шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин бузгандыгы үчүн юридикалык жоопкерчилик маселелери боюнча

# КОЛДОНМО КУРАЛ

Шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин бузгандыгы үчүн юридикалык жоопкерчилик маселелери боюнча колдонмо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөлөрү жана Шайлоолор жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча жумушчу топтун эксперттери тарабынан иштелип чыкты.

Колдонмо шайлоо жөнүндө мыйзам ченемдерин бузгандыгы үчүн адамдарды жана шайлоо процессинин катышуучуларынын субьекттерин жоопкерчиликке тартуу маселелери жана жол-жоболору менен кызыккан бардык адамдарга, ошондой эле Кыргыз Республикасында ачык демократиялык шайлоолорду өткөрүүгө кызыкдар болгон жактарга пайдалуу болот.

Бул Колдонмо Кыргыз Республикасында ачык жана адилет шайлоолорду өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын аракеттенүүсүн колдогон Бишкектеги ЕККУнун Программалык офисинин жана Кыргыз Республикасындагы БУУнун Өнүктүрүү программасынын (БУУӨП) көмөгүндө жана финансылык колдоосунда басып чыгарылды.

Бул Колдонмодо билдирилген пикирлер, тыянактар, корутундулар жана сунуштар авторлордун көз карашын жана тажрыйбасын билдирет жана Бишкектеги ЕККУнун Программалык офисинин көз карашын чагылдырбайт.

**Авторлор:**

Г. К. Джурабаева – КР БШК мүчөсү

А. Я. Бит-Аврагим – КР Башкы прокуратурасынын башкармалыгынын улук прокурору

А. М. Усупбекова – «Жарандык платформа» КФ директору

А. К. Кулбаев – көз карандысыз эксперт, юридика илимдеринин кандидаты

М. А. Камчибекова – юрист, шайлоо боюнча эксперт

Тиражы 4500 д.

«Триада Принт» ЖЧК басмаканасында басылды

720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Гоголь көч., 28 а

Шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин бузгандыгы үчүн юридикалык жоопкерчилик маселелери боюнча

# КОЛДОНМО КУРАЛ

Бишкек шаары – 2021-жыл

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** .......... 3

**1. ШАЙЛООГО ДАЯРДАНУУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ МЕЗГИЛИНДЕ УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫ.** .......... 5

**2. ЖООПКЕРЧИЛИКТИН ТҮРЛӨРҮ** .......... 8

**2.1. Конституциялык-укуктук (шайлоо) жоопкерчилик** .......... 9

**2.2. Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө кодексинде белгиленген жоопкерчилик** .......... 17

**2.3. Кыргыз Республикасынын жоруктар жөнүндө кодекси менен белгиленген жоопкерчилик** .......... 25

**2.4. Кыргыз Республикасынын жазык кодексинде белгиленген жоопкерчилик** .......... 27

**3. БУЗУУЛАРГА ЫКЧАМ ЧАРА КӨРҮҮ ЖАНА КӨРҮЛГӨН ЧАРАЛАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМДОО** .......... 30

**3.1. Даттануулар реестри** .......... 34

**3.2. Бузуулардын бириккен реестри** .......... 36

**3.3. Кылмыштардын жана жоруктардын бириккен реестри** .......... 37

# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасында өткөрүлгөн реформа жаңы шайлоо моделин түзүүгө мүмкүнчүлүк берди, ал шайлоо процессинин бардык этаптарынын ачыктыгын камсыз кылды, жарандардын өз эркин көз карандысыз билдирүүсү үчүн шарттарды камсыз кылды жана добуш берүүнүн аныктыгын жогорулатты:

- "бир шайлоочу – бир добуш" принцибин ишке ашыруу добуш берүүгө катышкандардын санын бурмалоо мүмкүндүгүн жокко чыгарды, шайлоочулардын тизмесин түзүү жол-жобосунун айкындыгы жана добуш берүү күнү шайлоочуларды биометрикалык идентификациялоо "айлампаларды" болтурбай, ал эми бюллетендерди жапырт таштоону жашыруу мүмкүн болбогондуктан жокко чыгарылды;

- добуш берүүнүн жыйынтыгын эсептөөнүн тактыгы жана толук ачык-айкындыгы добуштарды эсептөө боюнча УШКнын аракеттерин тыштан контролдоо жана талдоо инструменттерин кеңейтүүдөн улам камсыз кылынды, АЭУ жыйынтыгын кол менен эсептөөнүн жыйынтыгы менен салыштыруу мүмкүндүгү, ар бир участоктон протоколдорунун көчүрмөлөрүн жана шайлоочуларды идентификациялоо жөнүндө отчетторунун көчүрмөлөрүн дароо кол менен эсептөө аяктаар менен БШКнын сайтына жиберүү функциясын киргизүү добуш берүүнүн жыйынтыгын бурмалоо мүмкүндүгүн жокко чыгарды;

- участкалардагы АЭУдан натыйжаларды КР БШКнын серверине тез контактсыз жиберүү жана участоктордон добушту кол менен эсептөөнүн жыйынтыктарын серверде автоматтык түрдө жалпылоо, натыйжалуу жарандык контроль үчүн шарттарды түзүү (добуш берүүнүн жыйынтыгын оперативдүү жарыялоо жана идентификациялоо жөнүндө отчеттордун көчүрмөлөрү, АЭУнун жыйынтыгынын көчүрмөлөрү, добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө УШКнын жана АШКнын протоколдорунун көчүрмөлөрү менен УШКдагы, АШКдагы бардык байкоочуларды камсыз кылуу аркылуу) добуш берүүнүн жыйынтыгын бурмалоонун жана кайсы бир талапкерлердин пайдасына добуш берүүнүн жыйынтыгын мыйзамсыз өзгөртүү мүмкүндүгүн жокко чыгарат, б.а. шайлоонун уюштуруучулары тарабынан коррупциянын болушун толугу менен жоёт;

- добуш берүүгө катышуунун жана добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгаруунун жетишилген тактыгы жана ачык-айкындыгы добуш берүүнүн жашыруундугун сактоо боюнча натыйжалуу чаралары менен бирдикте жарандардын өз эркин көз карандысыз билдирүүсү үчүн шарттарды жакшыртты жана шайлоолордун жүрүшүндө шайлоодогу атаандаштыкты ырааттуу түрдө күчөтүү үчүн негиз болуп берди;

- даректин регистрин тактоо жана шайлоочулардын ачык-айкын иштеген порталын пайдалануу менен Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестрин (КБМР) түзүү боюнча кабыл алынган ырааттуу чаралар шайлоочулардын тизмесинин инклюзивдүүлүгүн жогорулатты: шайлоочулардын тизмесине киргизилген жарандардын саны жана добуш берүүгө катышкандардын саны реформаны жүргүзүү мезгилинде кыйла өстү.

Мына ошентип көрүлгөн чаралар шайлоо комиссияларындагы коррупциянын мүмкүндүгүн жокко чыгарды, добуш берүүнүн жыйынтыгына шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн сатып алуу жана аларга административдик кысым көрсөтүү аркылуу таасир этүү мүмкүн болбой калды. Бирок кабыл алынган чаралар шайлоочуларды сатып алуунун активдешүүсүнө жана административдик ресурстун башка түрлөрүн кыянаттык менен пайдаланууга алып келди. Укук колдонуу практикасы бузууларды болтурбоого жана күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартууга мүмкүндүк берген реалдуу механизмдерди түзүү үчүн колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгын көрсөттү. Ушул максаттарда 2019-жылдын августунда жана 2020-жылдын июлунда бир катар мыйзамдарга шайлоочулардын добуштарын сатып алуу жана административдик ресурстун башка түрлөрүн кыянаттык менен пайдалангандыгы үчүн санкцияларды караган ченемдер киргизилген.

Бардык бул өзгөртүүлөр 2018-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын шайлоолор жөнүндө мыйзамдарын өркүндөтүү стратегиясында каралган милдеттерди ишке ашырууга багытталган.

Стратегия жаңы моделге ылайык жүргүзүлүп жаткан шайлоо циклинин натыйжаларын эске алуу менен, шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүүгө, реформанын оң жетишкендиктеринин туруктуулугун камсыз кылууга жана шайлоо мыйзамдарындагы кемчиликтер менен процессти жоюуга багытталган. Стратегияда шайлоо процессинин катышуучуларынын ортосундагы укуктук мамилелерди жөнгө салуу

механизмдери, ошондой эле шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна каршы күрөшүү, жарандардын укуктук маданиятынын деңгээлин жана алардын маалымдуулугун жогорулатуу, жарандардын шайлоо укуктарын толук жүзөгө ашыруу үчүн шарт түзүү, ошондой эле шайлоо комиссияларынын ишинин потенциалын жана натыйжалуулугун жогорулатуу механизмдери иштелип чыккан.

**Кабыл алынган мыйзамдуу чаралар анын ичинде төмөнкүлөргө багытталган:**

- жарандардын шайлоо укуктарын коргоону жакшыртуу,
- шайлоо мыйзамдарын бузууларды алдын алуу, бөгөт коюу механизмдеринин натыйжалуулугун жогорулатуу жана шайлоо мыйзамдарын бузуу үчүн жоопкерчиликке тартуу,
- административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланууга каршы күрөшүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу,
- шайлоонун жүрүшүндө бузууларга натыйжалуу санкцияларды киргизүү,
- шайлоонун жүрүшүндө бузууларга даттанууларды кароонун тартибин, шайлоо талаш-тартыштарын чечүүнүн тартибин өркүндөтүү,
- ыкчам чара көрүүчү координациялык топтордун иштөө тартибин аныктоо,
- шайлоо комиссияларынын даттануулардын реестрин милдеттүү жүргүзүүсүн укуктук жактан бекемдөө.

Белгиленген милдеттерди ишке ашыруу өзүнө мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, прокуратура органдарынын, ички иштер органдарынын жана шайлоо комиссияларынын шайлоо талаш-тартыштарын чечүү жана жарандардын шайлоо укуктарын, шайлоо мыйзамдарын бузууну токтотуу үчүн өз ара активдүү аракеттенүүсүн камтыйт.

## 1. ШАЙЛООГО ДАЯРДАНУУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ МЕЗГИЛИНДЕ УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫ


Кыргыз Республикасындагы шайлоолор жалпы, тең жана түз шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт

жана республиканын жарандары өздөрүнүн шайлоо укуктарын эркин жана ыктыярдуу колдонуусуна негизделген.

**Эч кимдин жарандарды шайлоого катышууга же катышпоого мажбурлоо максатында, ошондой эле эркин билдирүүгө аларга таасир этүүгө укугу жок.**

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын чакыруусу боюнча ички иштер органдары шайлоо участогунун аймагында, ошондой эле добуш берүү жайында добуш берүүдө **коомдук тартипти камсыз кылат.**

Мамлекеттик органдардын жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын жарандардын шайлоо укуктарын, шайлоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарын бузган чечими жана (же) аракети (аракетсиздиги) прокуратура органдарында, ички иштер органдарында даттанылышы мүмкүн.




**Ушул жерден баса белгилей кетүүчү нерсе, КРнын Жазык процесстик кодексинде кылмыш иштери жана жоруктар боюнча жазылган арыздарды (даттанууларды) кароого өзүнчө процесстик мөөнөттөр белгиленген (149-берене).**

**Ички иштер органдары – коомдук тартипти бузууга тийиштүү** арыздарды (даттанууларды), ошондой эле мыйзамдарда (ЖК, ЖжК) белгиленген жоопкерчилик каралган аткаруу бийлигинин органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарын кошпогондо, шайлоо процессине катышуучуларынын иш-аракеттерине арыздарды кароо боюнча иш жүргүзөт.

**Прокуратура органдары – аткаруу бийлигинин органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын кызмат адамдары шайлоо мыйзамдарын сакташына көзөмөл жүргүзөт,** ошондой эле мыйзамдарда (ЖК, ЖжК) белгиленген жоопкерчилик каралган алардын иш-аракеттерине арыздарды (даттануулардды) карайт. Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары тарабынан шайлоо мыйзамдарын жазыктык бузуулар болгон учурда жана жазык иши козголгон учурда (шектелгендиги тууралуу билдирме чыгарылганда) андан ары териштирүү үчүн тиешелүү тергөө органдарына жөнөтүлөт.

Добуш берүү күнү жана ага чейинки күн ички иштер органдары, прокуратура органдары, ошондой эле сот органдары үчүн жумуш күн болуп эсептелет.

## КЫЛМЫШТАРДЫН ЖАНА ЖОРУКТАРДЫН БИРДИКТҮҮ РЕЕСТРИ

Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри – сотко чейинки өндүрүштү баштоо, процесстик аракеттер, жазык иши жана (же) жоруктар жөнүндө иштин жүрүшү, жазык сот өндүрүшүнүн катышуучулары жана арыздануучулары жөнүндө маалыматтар киргизилген электрондук маалымат базасы. **Сотко чейинки өндүрүш** – арыздар, кылмыштар жана (же) жоруктар жөнүндө билдирүүлөр Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине катталган учурдан тартып прокурор тарабынан иштин материалдары маңызы боюнча кароо үчүн сотко жиберилген жазык сот өндүрүшү. Сотко чейинки кылмыш иши тергөө түрүндө, ал эми жосунсуз жоруктар — колдонуудагы Кодексте белгиленген тартипте кылмыш иш-аракеттери түрүндө жүргүзүлөт. Сотко чейинки өндүрүш маалыматтарды Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине киргизген учурдан тартып башталат.

Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде маалыматты киргизүүнүн датасы автоматтык түрдө белгиленет жана жазык ишинин же жорук жөнүндө иштин номери ыйгарылат.

### Сотко чейинки өндүрүштүн башталышы:

Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, прокурор жасалган кылмыш же болбосо жорук жөнүндө арыз, билдирүү алынган учурдан тартып же кылмыш, жорук жасал-

гандыгын айгинелеген жагдайларды түздөн түз тапканда, бөлүнүп берилген жазык ишинин жана жоруктар жөнүндө иштин материалдары келип түшкөндө, ошондой эле сотко чейинки өндүрүштүн материалдары чет өлкөлүк мамлекеттен келип түшкөндө, токтоосуз, 24 сааттан кечикпестен тиешелүү маалыматтарды Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине киргизүүгө милдеттүү.

Жазык иши же жорук жөнүндө иш боюнча сотко чейинки өндүрүштүн башталышы жөнүндө кылмыш же жорук жөнүндө арыз же билдирүү алардан келип түшкөн жеке адамга же юридикалык жакка кабарланат.

Сотко чейинки өндүрүштүн башталышы жөнүндө тергөөчү, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы 24 сааттан кечиктирбестен прокурорго билдирет.

Арыз ээсине билип туруп жалган билдирүү бергендиги үчүн жоопкерчиликке тартылары жөнүндө эскертилет, ал жөнүндө берилген арызда же протоколдо белги коюлат, ал арыз ээсинин кол тамгасы менен күбөлөндүрүлөт.

**Кылмыш жана (же) жорук жөнүндө арыздарды жана билдирүүлөрдү кабыл алуу жана кароого алуу милдеттүүлүгү:**

Сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруучу органдар кандай гана болбосун жасалган же даярдалып жаткан кылмыш жана (же) жасалган жорук жөнүндө арызды же билдирүүнү кабыл алууга жана каттоого милдеттүү. Арыз ээсине арызды же билдирүүнү кабыл алган адамды көрсөтүү менен арыздын же билдирүүнүн Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде катталган убактысын жана каттоо номерин көрсөтүү менен кылмыш жана (же) жоруктун катталгандыгы тууралуу документ берилет.

Кылмыш жөнүндө арызды каттоодон кабыл алуудан же каттоодон баш тартуу мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

## 2. ЖООПКЕРЧИЛИКТИН ТҮРЛӨРҮ

Шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликтин төмөнкүдөй түрлөрү каралган:

- конституциялык-укуктук (шайлоо) жоопкерчилик;
- КРнын Бузуулар жөнүндө кодексинде каралган жоопкерчилик;

- КРнын Жоруктар жөнүндө кодексинде каралган жоопкерчилик;
- КРнын Жазык процесстик кодексинде каралган жоопкерчилик.

## 2.1. КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК (ШАЙЛОО) ЖООПКЕРЧИЛИК

Шайлоо жоопкерчилиги конституциялык-укуктук (шайлоо) жоопкерчиликтин бир түрү болуп эсептелет жана шайлоо мыйзамдарынын талаптарын бузган учурда келип чыгат. Шайлоо жоопкерчилигине тартуу маселелери участкалык, аймактык жана Борбордук шайлоо комиссиялары тарабынан каралат.

**Шайлоо укук бузууларынын субъекттери төмөнкүлөр болушу мүмкүн:**

- шайлоочулар,
- байкоочулар (талапкерлердин, саясий партиялардын байкоочулары, коомдук, эл аралык байкоочулар),
- жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар,
- шайлоо комиссиялары,
- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү,
- мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары,
- талапкерлер, саясий партиялар.

**Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төмөнкү адамдар жоопкерчилик тартат:**

1. Кыргыз Республикасынын жаранынын шайлоо жана шайлануу укугуна күч колдонуу, алдоо, коркутуу, будамайлоо же башкача жол менен **тоскоолдук кылган**, же болбосо добуш берүүнүн жашыруундугун **бузган**;

– шайлоочулардын тизмелери менен таанышууга жарандардын укугун бузган;

– талапкерди колдоп кол коюуга жарандарды мажбурлаган же кол коюусуна тоскоолдук кылган, ошондой эле бул кол коюуларды жасалмалоого катышкан;

– шайлоочуларды сатып алууну жүргүзгөн.

2. Шайлануу максатында өзүнүн кызмат ордунан же кызматтык абалынын артыкчылыгынан пайдаланган же катталган шайлоочулар жөнүндө маалыматтарды өз учурунда түзбөгөн жана көрсөтүлгөн маалыматтарды тиешелүү шайлоо комиссияларына жөнөтөөр алдында тактабаган;

– шайлоону каржылоо эрежелерин бузган, анын ичинде шайлоо комиссияларына каражаттарды которууну создуктурган;

– жарандарга башка адамдар үчүн добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берүү максатында шайлоо бюллетендерин берген;

– шайлоо документтерин оңдоону жүзөгө ашырган, билип туруп жалган документтерди түзгөн жана берген;

– билип туруп добуштарды туура эмес эсептөөнү жүргүзгөн же добуш берүүнүн жыйынтыгын, шайлоонун натыйжасын аныктоону билип туруп туура эмес чыгарган же өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерге карабастан добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоонун натыйжалары жөнүндө маалыматтарды бербеген же жарыялабаган.

3. Талапкерлер, саясий партиялар жөнүндө жазган маалыматтарды билип туруп тараткан, же талапкердин, жубайынын жана (же) талапкердин, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн жакын туугандарынын, алардын өкүлдөрүнүн ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирген башка аракеттерди жасаган;

– шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, байкоочулардын, эл аралык байкоочулардын, талапкерлердин, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн укуктарын, анын ичинде маалыматтарды жана шайлоо документтеринин көчүрмөлөрүн өз учурунда алуу укугун бузган;

– байкоочуларды, эл аралык байкоочуларды, талапкерлерди, талапкерлердин, саясий партиялардын, талапкерлердин жана саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн тизмелерин каттоодон негизсиз баш тарткан;

– шайлоо участкаларында шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылган;

– шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүү эрежелерин бузган, анын ичинде добуш берүү күнүнөн мурунку күнү жана добуш берүү күнү үгүт жүргүзгөн;

– шайлоо комиссиялары тарабынан өз милдеттерин аткарышына байланышкан алардын ишине тоскоолдук кылган же ага мыйзамга каршы кийлигишкен;

– добуш берүү үчүн жайдан шайлоо бюллетендерин алып чыккан;

– шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө отчетторду бербеген же жарыялабаган, талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун финансылык отчетторун жана шайлоону өткөрүүгө бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчетторду бербеген же жарыялабаган жактар;

– шайлоого катышуу үчүн мыйзам менен каралган өргүү берүүдөн баш тарткан иш берүүчүлөр.

## ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫ САЛУУЧУ ЖАЗА ЧАРАЛАР

Талапкерге, саясий партияга карата шайлоо мыйзамдарынын алкагында жаза чаралардын төмөнкү түрлөрү салынышы мүмкүн:

- жазуу жүзүндө эскертүү → каттоону жокко чыгаруу
- каттоодон баш тартуу → иш кагаздарды кайтарып берүү
- талапкерлердин тизмесинен чыгаруу → шайланган талапкерди каттоодон баш тартуу

**Шайлоо жазасын салуунун негиздери жана тартиби шайлоо жөнүндө мыйзамдар менен каралган.**

Арыздар (даттануулар) шайлоо процессинин субъектине анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, чечимдер кабыл алынгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок **3 календардык күндөн кечиктирилбестен** берилет.

Арыздарды (даттанууларды), ошондой эле шайлоо укуктарын, шайлоо жөнүндө мыйзамдарды бузуулар жөнүндө маселени кароодо кызыкчылыктары бар тараптарга, жактарга же алардын өкүлдөрүнө кароонун күнү, убактысы жана орду жөнүндө кабарланат. Көрсөтүлгөн жактар каралып жаткан маселенин маңызы боюнча түшүндүрмөлөрдү берүүгө жана далилдерди келтирүүгө укуктуу.

Шайлоого даярдыктын жүрүшүндө келип түшкөн арыздар (даттануулар) келип түшкөн учурдан тартып шайлоо комиссиялары же соттор тарабынан **3 күндүк мөөнөттө**, ал эми **добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн мурунку күнү – токтоосуз** каралууга тийиш.

Эгерде арызда (даттанууда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер 5 күндүк мөөнөттөн кечиктирилбестен кабыл алынат. Чечим кабыл алган органдын кол коюлган жана мөөрү менен ырасталган чечими арызданууучуга жазуу жүзүндө токтоосуз тапшырылат.

### Даттануу тартиби

Жарандардын шайлоо укуктарын бузган шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыздар (даттануулар) менен шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, коммерциялык эмес уюмдар, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар кайрыла алат.

Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган участкалык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) аймактык шайлоо комиссиясына даттанылат.

### Кабыл алынган чечимдерге арыздар (даттануулар) чечим чыккан учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде берилет.


Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган аймактык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиктери) биринчи инстанциядагы сотко (Бишкек шаарынын административдик сотуна) даттанылат.

Биринчи инстанциядагы соттун (Бишкек шаарынын административдик сотунун) чечими – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна даттанылат. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун чечими биротоло болуп саналат жана даттанылууга болбойт.

## ШАЙЛОО

Шайлоо комиссияларынын ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН БЕЛГИЛӨӨ ЖАНА ШАЙЛООНУН НАТЫЙЖАЛАРЫН АНЫКТОО ЖӨНҮНДӨ чечимдерине арыз (даттануу) менен төмөнкүлөр кайрыла алышат :



- талапкерлер;
- талапкерлердин өкүлдөрү жана байкоочулары;

↓ 3 күн (кошумча текш. 5 күн)

**АШК**

↓ 3 күн (кошумча текш. 5 күн)

**БШК**

↓ 3 күн (кошумча текш. 5 күн)

**Бишкек ш. административдик соту**


↓ 3 күн (кошумча текш. 5 күн)

**КР Жогорку соту**



**КӨНҮЛ БУРУНУЗДАР!!!**

Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 201-беренесинин 3, 7-бөлүктөрүнө ылайык УШКнын, АШКнын чечимдери жогору турган шайлоо комиссиялары тарабынан тийиштүү даттануулар каралгандан кийин гана сотко даттанылат. БШКнын чечими (же) аракети/аракетсиздиги түздөн түз Бишкек шаарынын административдик сотуна даттанылат.




**СОТТО АРЫЗ ТӨМӨНКҮЧӨ КАРАЛАТ:**




**Соттук жыйналыштын убактысы жана орду тууралуу талаптагыдай кабарландырылган көрсөтүлгөн жактардын сотко келбей калышы ишти карап чыгууга жана чечүүгө тоскоолдук болуп саналбайт.**

Биринчи инстанциядагы соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечими чечим чыгарылган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде кассациялык инстанциядагы сотко кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

Даттанууну берүү мөөнөтү калыбына келтирилбейт.

Көрсөтүлгөн мөөнөттөр аяктагандан кийин даттануулар кабыл алынбайт жана кайра кайтарылат.

**Кассациялык инстанциядагы соттун токтому ал жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет, биротоло болуп саналат жана даттанылбайт.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДМИНИСТРАТИВДИК-ПРОЦЕССТИК КОДЕКСИ**

**20-глава. Шайлоо процессинин субъекттеринин шайлоо укуктарын коргоо жөнүндө иштер боюнча өндүрүш**

**201-берене. Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган чечимдерге жана (же) аракеттерге (аракетсиздикке) даттануу**

3. Участкалык жана аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери тиешелүү даттанууларды жогору турган шайлоо комиссиялары карагандан кийин гана сотко даттанылат. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиги) түздөн түз сотко даттанылат.

7. Арыздарды берүү мөөнөтү калыбына келтирилбейт.

**202-берене. Соттун арызды карап чыгышы**

1. Шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыз сот тарабынан ал берилген күндөн тартып **үч күндүк** мөөнөттө, бирок добуш берүү күнүнөн мурдагы күндөн кечиктирбестен, ал эми добуш берүү

күнү же добуш берүү күнүнөн кийинки күнү келип түшкөн арыз **дароо каралууга** тийиш.

2. Эгерде арызда камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер **беш күндүк** мөөнөттөн кечиктирбестен, бирок добуш берүү күнүнөн мурдагы күндөн кечиктирбестен кабыл алынат.

3. Арызды сот арыз ээсинин аракеттери даттанылып жаткан тиешелүү шайлоо комиссиясынын, мамлекеттик бийлик органынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, коммерциялык эмес уюмдун, шайлоо процессинин башка субъекттеринин өкүлүнүн катышуусу менен карайт. Соттук жыйналыштын убактысы жана орду жөнүндө ойдогудай түрдө кабарландырылган көрсөтүлгөн жактардын сотко келбей калышы ишти карап чыгууга жана чечүүгө тоскоолдук болуп саналбайт.

**203-берене. Соттун чечими, аны аткаруу жана даттануу**

1. Арызды кароонун натыйжалары боюнча сот чечим чыгарат.

2. Сот арыздын негиздүүлүгүн белгилеп, талаш туудурган чечимди, аракетти (аракетсиздикти) мыйзамга жат деп табат жана тиешелүү шайлоо комиссиясынын чечимин жокко чыгарат.

3. Сот талашылып жаткан чечимди, аракетти (аракетсиздикти) мыйзамдуу болуп саналат деп белгилесе, арызды канааттандыруудан баш тартат.

4. Соттун чечими ал чыгарылган учурдан тартып мыйзамдуу күчүнө кирет жана аны мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коммерциялык эмес уюмдар, шайлоо комиссиялары жана алардын кызмат адамдары аткарууга милдеттүү.

5. Сот чыгарган жүйөлүү чечим дароо арыз ээсине, ишке катышкан жактарга, ошондой эле тиешелүү шайлоо комиссиясына тапшырылат.

6. Биринчи инстанциядагы соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечими чечим чыгарылган учурдан тартып үч календардык күндүн ичинде кассациялык инстанциядагы сотко кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

7. Даттанууну берүү мөөнөтү калыбына келтирилбейт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөр аяктагандан кийин даттануулар кабыл алынбайт жана ушул Кодексте белгиленген тартипте кайра кайтарылат.

8. Кассациялык даттануу чечим чыгарган сот аркылуу берилиши мүмкүн. Даттанууну түздөн түз Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна берүү даттанууну карап чыгуу үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.

9. Кассациялык инстанциядагы сот кассациялык даттанууну иш кассациялык инстанцияга келип түшкөн күндөн тартып **беш календардык күндүн** ичинде Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын өкүлүнүн милдеттүү түрдө катышуусу менен карайт.

10. Кассациялык инстанциядагы соттун токтому жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет, биротоло болуп саналат жана ал даттанылбайт.

## 2.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНДЕ БЕЛГИЛЕНГЕН ЖООПКЕРЧИЛИК

Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин (мындан ары – Кодекс) 10-главасына ылайык Кодексте белгиленген ченемдерди бузуулар үчүн жоопкерчиликке тартууга ыйгарым укуктуу органдардын 2 категориясы бар:

- Кодекстин 42-42$^{2}$, 43-48-беренелеринде каралган бузуулар жөнүндө иштер боюнча шайлоо комиссиялары;
- Кодекстин 42$^{3}$-беренеси менен каралган бузуулар боюнча ички иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган.

### Шайлоо комиссиялары тарабынан бузуулар жөнүндө иштерди кароо

Шайлоо комиссиялары шайлоолордун деңгээлине жараша бузуулар жөнүндө иштерди төмөнкү тартипте карайт:

- Президентти жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө жана референдум өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы тарабынан (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы), ошондой эле бузуулар

жасалган жер боюнча Аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан каралат;

- жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө бузуулар жөнүндө иштер тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан каралат.

**** Шайлоо комиссияларынын бузуу жөнүндө иштерди кароо тартиби жөнүндө жобо КР БШКнын 2020-жылдын 11-февралындагы № 41 токтому менен бекитилген.***

## Шайлоо комиссиялары тарабынан каралуучу бузуулар жөнүндө иштер

### 42-берене. Шайлоо процессинин катышуучуларынын укуктарын бузуу

Шайлоочунун, шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн, Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкердин, депутаттыкка же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкердин, талапкердин ишенимдүү адамынын, ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, байкоочунун, эл аралык байкоочунун укуктарын бузуу –

3-категориядагы айып пул салууга алып келет *(Физикалык жактар үчүн – 5 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 17 000 сом).*

### $42^1$-берене. Шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган чечимдерди жана талаптарды аткарбоо

Жеке жана юридикалык жактардын шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган маалыматтарды же материалдарды белгиленген мөөнөттөрдө шайлоо комиссиясына бербөөсү, ошого тете шайлоону даярдоо жана өткөрүү үчүн зарыл болгон шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган шайлоо комиссиясынын чечимдерин жана талаптарын аткарбоосу –

3-категориядагы айып пул салууга алып келет *(Физикалык жактар үчүн – 5 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 17 500 сом).*

### $42^2$-берене. Шайлоочунун билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү

Шайлоочунун шайлоо дарегин өзгөрткөндүгү жөнүндө билип туруп анык эмес маалыматтарды шайлоо комиссиясына берүүсү –

2-категориядагы айып пул салууга алып келет *(Физикалык жактар үчүн — 3 000 сом).*

**42[3]-берене. Шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) акчалай каражаттарды жана материалдык баалуулуктарды алуусу**

Сатып алуучунун же алардын атынан чыккан адамдардын пайдасына активдүү шайлоо укугун ишке ашыргандыгы үчүн шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) жеке өзү, же болбосо ортомчу аркылуу акчалай каражаттарды жана (же) материалдык баалуулуктарды алуусу —

1-категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет *(Физикалык жактар үчүн — 1 000 сом).*

*Эскертүү. Ушул беренеде каралган аракеттерди жасаган адам, эгерде шайлоону жана референдумду даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө акчалай каражаттарды жана материалдык баалуулуктарды алгандыгы тууралуу өз ыктыяры менен билдирсе, жоопкерчиликтен бошотулат.*

**43-берене. Шайлоого катышуу үчүн өргүү берүүдөн баш тартуу**

Депутаттыкка же башка шайлануучу кызматка талапкер болуп катталган талапкерге, талапкердин ишенимдүү адамына, же болбосо шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө мамлекеттик бийлик органдарына же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө катышуу үчүн мыйзамда каралган өргүүнү берүүдөн администрациянын (иш берүүчүнүн) баш тартуусу —

1-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**44-берене. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузуу**

1. Шайлоочу, байкоочу, талапкер же анын өкүлү, ишенимдүү адамы тарабынан шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарынын бузулушу —

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

2. Жалпыга маалымдоо каражаты тарабынан жасалган ошол эле жосун —

5-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**45-берене. Талапкер жөнүндө билип туруп жалган маалымат таратуу**

Депутаттыкка же башка шайлануучу кызмат ордуна талапкер жөнүндө талапкердин ар-намысын же кадыр-баркын жаманатты кылган маалыматтарды билип туруп таратуу —

6-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**46-берене. Талапкердин ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкер беделин жаманатты кылган маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын таратышы**

Шайлоо дайындалгандан тартып шайлоонун натыйжалары расмий жарыялангынга чейинки мезгил ичинде талапкердин, саясий партиянын ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкер беделин жаманатты кылган маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын таратышы —

8-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**47-берене. Тоголок үгүт материалдарын таратуу**

Мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде, же болбосо референдум мезгилинде алардын чыгарылышы үчүн жооптуу уюмдар жана адамдар жөнүндө маалыматтар камтылбаган үгүттүк басма сөз материалдарын, же болбосо чет өлкөдө даярдалган материалдарды таратуу —

6-категориядагы айып пул салууга алып келет.

**48-берене. Үгүт материалдарын жок кылуу же бузуу**

Имараттарда, курулмаларда же башка объекттерде илинген укма-көрмө материалдарды, депутаттыкка же башка шайлануучу кызматка талапкердин портретин, анын өмүр таржымалы бар плакатты, же болбосо башка үгүт материалдарын билип туруп жок кылуу же болбосо бузуу —

4-категориядагы айып пул салууга алып келет.

*Эскертүү. Үгүт материалдары имараттын, курулманын же башка объекттин менчик ээсинин (ээсинин) макулдугу жок илинсе, ал ушул берене боюнча жоопкерчиликтен бошотулат.*

**293-берене. Ыйгарым укуктуу органдын чечимдерин, аныктамаларын, тескемелерин же талаптарын аткаруу тартибин бузуу**

Ыйгарым укуктуу органдын мыйзамдуу чечимдерин, аныктамаларын, тескемелерин же талаптарын аткарбай коюу же ойдогудай аткарбоо –

2-категориядагы айып пул салууга алып келет.

## БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ ИШТЕРДИ КАРООНУН ЖОЛ-ЖОБОСУ, СХЕМА




Шайлоо мыйзамдарында жана Кодекстин 44-47-беренелеринде каралган белгилер аныкталган учурда
(Кодекстин 42, $42^{1}$, $42^{2}$,43,48-беренелеринде каралган бузуулардын белгилери аныкталган учурда) иш тобу келген даттануулар жана каралган чаралар жөнүндө БШКны маалымдайт
Шайлоо мыйзамдарында каралган жалпы тартипте кароо
Ыйгарым укуктуу кызмат ада-мынын (БШКнын кызматкери жана (же) аймактагы атайын өкүл) кароосуна жөнөтүү
ЖТ чечими (сунуш мүнөзүндө)
Бузуу жөнүндө протокол түзүү
Комиссиялардын жыйындарынын кароосуна жөнөтүү
Каршы болгон учурда, Кодекске ылайык жаза салуу үчүн комиссияга жөнөтүү
Бузууну таануу, бузуу жөнүндө токтом, айыпты төлөө

## ДАТТАНУУ ТАРТИБИ




** Бузуу жөнүндө иш боюнча токтомго даттануу токтомдун көчүрмөсү тапшырылган же аны почта аркылуу алган күндөн тартып 10 күн ичинде берилиши мүмкүн*

** Бузуу кызмат адамы тарабынан жасалган жерде каралат жана чечилет (протокол)*

**Бузуулар жөнүндө иштер ыйгарым укуктуу органдын жайгашкан жери боюнча каралат (токтом)*

- Бузуу жасалган факт белгиленген учурда ыйгарым укуктуу кызмат адамы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен формада кагаз түрүндөгү алып жүрүүчүдө протокол түзүлөт же электрондук колтамга менен күбөлөндүрүлгөн бузуу жөнүндө протоколдун электрондук формасы пайдаланылышы мүмкүн.
- Эгерде жак бузууларды жасагандыгынын фактысын, ага карата жаза чарасын жана кошумча укуктук кесепеттердин колдонууларын талашып-тартышпаса, анда бузуу жасалган жерде токтом чыгарылат, ага протоколду түзгөн адам кол коет, мында көрсөтүлгөн токтом бузуучуга анын көчүрмөсү тапшырылган учурдан тартып күчүнө кирет.

- Эгерде жак бузуулар фактысын же айып пул түрүндө жаза чарасын же ыйгарым укуктуу орган колдоно турган кошумча укуктук натыйжаларды талашып-тартышса, анда түзүлгөн протокол жаза чарасын берүү үчүн комиссиянын кароосуна жөнөтүлөт.

Комиссия бузуулар жөнүндө ишти Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 45-главасында белгиленген тартипте бузуулар жөнүндө иш келип түшкөн учурдан тартып 10 күндөн кечиктирбестен карап чыгат жана төмөнкүдөй токтомдордун бирин чыгарат:

1) жаза чарасын колдонуу жөнүндө;

2) иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө;

3) туумду эсептөө жөнүндө.

## Ички иштер органдары тарабынан каралуучу бузуулар жөнүндө иштер

- Шайлоочулардын (референдумдун катышуучуларынын) пара берүүчүнүн же алар өкүл болгон адамдардын пайдасына активдүү шайлоо укугун ишке ашыруу үчүн акча каражаттарын жана/же материалдык баалуулуктарды алуусу (423-берене, I-категориядагы айып пул салуу түрүндөгү санкцияга алып келет – **жеке адамдар үчүн 1 000 сом**).

*Эскертүү. Көрсөтүлгөн беренеде каралган аракетти жасаган адам, эгерде адам шайлоолорду (референдумду) даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө акча каражаттарын жана материалдык баалуулуктарды алгандыгы тууралуу өз ыктыяры менен билдирген болсо, жоопкерчиликтен бошотулат.*

## Бузуулардын бирдиктүү реестри

Бузуулар жөнүндө протокол түзүү укугу берилген адамдар түзүлгөн бузуулар жөнүндө протоколду өзүнүн логинин жана жеке паролун колдонуу менен ББР электрондук системасына кечиктирбестен каттайт.

Каттоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте бузуулар жөнүндө протокол түзүлгөн учурдан тартып 24 сааттан кечиктирилбестен жүргүзүлүүгө тийиш.

Комиссиянын катчысы тарабынан бузууларды ББРде каттоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте бузуулар жөнүндө протокол түзүлгөн учурдан тартып 24 сааттан кечиктирилбестен жүргүзүлүүгө тийиш.

Бузуулардын бирдиктүү реестрине бузууларды каттоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-декабрындагы № 603 токтому менен бекитилген Бузуулардын бирдиктүү реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жободо аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

## 2.3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ МЕНЕН БЕЛГИЛЕНГЕН ЖООПКЕРЧИЛИК

**Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинде төмөнкүдөй жазык жоруктары каралган:**

**87-берене. Шайлоочунун башка адам үчүн добуш берүүсү**

Референдумдун, Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же жергиликтүү кеңештердин депутаттарын, буга тете эле, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларын шайлоонун убагында референдумдун же шайлоонун натыйжаларына таасир тийгизүү максатында шайлоочунун башка адам үчүн добуш берүүсү, буга тете эле ошол эле максатта ушундай аракеттерге кошо катышуусу –

II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет.

**87-берене[1]. Административдик ресурсту кыянат пайдалануу**

1. Шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүүгө даярдык көрүүдө жана өткөрүүдө, добуш берүү күнүндө талапкерлер, мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет басылмаларынын жетекчилери талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоо максатында административдик ресурсту кыянат пайдаланса –

II категориядагы айып пул менен жазаланат *(30 000 сомдон 60 000 сомго чейин).*

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилери, ошондой эле мамлекеттик (муниципалдык) катышуу үлүшү 30 пайыздан жогору болгон уюмдардын жетекчилери ушундай эле жосун үчүн –

II категориядагы айып пул *(30 000 сомдон 60 000 сомго чейин)* менен жазаланып, белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратылат.

*Эскертүү:*

*«Административдик ресурсту кыянат пайдалануу – шайлоо мезгилинде талапкерлердин, кызмат адамдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилеринин, жалпыга маалымдоо каражаттарын жана интернет басылмаларын негиздөөчүлөрдүн жана алардын мүчөлөрүнүн адамзат, каржы, материалдык, медиалык, институционалдык ресурстарды мыйзамсыз пайдаланышы. Аталган ресурстар мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлерди же мамлекеттик, муниципалдык ишканаларда, мекемелерде, мамлекеттик (муниципалдык) катышуу үлүшү 30 пайыздан жогору болгон ишканаларда иштегендерди, акча каражаттары жана алардын бөлүштүрүлүшү көзөмөлдөө менен колго алынып, тигил же бул талапкерлерди, саясий партияларды колдоонун саясий же башка формаларына айланып, бардык талапкерлердин бирдей мүмкүнчүлүктөр укугун бузат».*

**87-берене[2]. Шайлануучу кызмат ордуна талапкердин билип туруп анык эмес маалымат берүүсү**

1. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине талапкер, жергиликтүү кеңешке талапкер, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчылыгына талапкер билип туруп шайлоо мыйзамдарында каралган анык эмес маалыматты, документтерди, ошондой эле башка өлкөнүн жарандыгы жоктугу тууралуу документти берсе же талапкерлигин көрсөтүү, каттоо жана шайлануу үчүн тоскоол боло турган маалыматты жашырса —

I категориядагы айып пул менен жазаланат *(20 000 сомдон 30 000 сомго чейин).*

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер ушундай эле жосундар үчүн —

I категориядагы айып пул *(20 000 сомдон 30 000 сомго чейин)* менен жазаланып, белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратылат.

## 2.4. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК КОДЕКСИНДЕ БЕЛГИЛЕНГЕН ЖООПКЕРЧИЛИК

Кыргыз Республикасынын жазык кодекси менен кылмыштардын төмөнкү түрлөрү каралган:

- **191-берене. Шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу**

1) Жаранга шайлоо укугун же референдумга катышуу укугун эркин жүзөгө ашырууга тоскоол болуу, добуш берүүнүн купуялыгын бузуу –

*IV категориядагы коомдук иштер (280 сааттан 360 саатка чейин) же III категориядагы түзөтүү иштери (2 жылдан 2 жыл 6 айга чейин) же IV категориядагы айып пул (жеке жактар үчүн – 180 000 сомдон 220 000 сомго чейин) менен жазаланат.*

2) Шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын ишине же шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөсүнүн өз милдеттерин аткаруу, анын ичинде комиссиянын чечимдерине таасир этүү максатында кызмат ордун жана кызмат абалын пайдалануу менен байланышкан иштерине кийлигишүү аркылуу шайлоо комиссияларынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын иштерине тоскоол болуу, атап айтканда, кызмат адамынын талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин каттоо, шайлоочулардын, референдумга катышуучулардын добуштарын эсептөө маселелери же башка маселелер боюнча талабы же көрсөтмөсү же шайлоо процессинде колдонулуучу мамлекеттик маалымат системаларынын ишин бузууга атайылап аракет жасоо же маалыматтарын бурмалоо –

*IV категориядагы коомдук иштер (280 сааттан 360 саатка чейин) же III категориядагы түзөтүү иштери (2 жылдан 2 жыл 6 айга чейин) же IV категориядагы айып пул (180 000 сом) менен жазаланат.*

3) Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер жасаган ошол эле жосундар –

*IV категориядагы түзөтүү иштери (280 сааттан 360 саатка чейин) же V категориядагы айып пул (220 000 сомдон 260 000 сомго чейин) менен жазаланат.*

- **192-берене. Шайлоочуларды сатып алуу**

1. Шайлоо өтүп жаткан мезгилде акча төлөө же таратуу, материалдык баалуулуктарды берүү же кандайдыр бир кызмат ордун же башка пайдаларды көрүүгө өбөлгө түзүү аркылуу шайлоочуларды сатып алуу —

*IV категориядагы айып пул менен жазаланат.*

2. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер, мамлекеттик бийликтин шайлануучу органдарына же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына талапкер, ушуга тете эле талапкердин жубайы, жакын туугандары жана ыйгарым укуктуу өкүлдөр, ишенимдүү адамдар тарабынан жасалган ушул эле жосун —

*V категориядагы айып пул (220 000 сомдон 260 000 сомго чейин) же I категориядагы эркинен ажыратуу менен жазаланат (жеке жактар үчүн 2 жыл 6 айга чейин).*

- **193-берене. Шайлоо өнөктүгүнүн каржылоо тартибин бузуу**

Талапкердин, саясий партиянын, шайлоо өнөктүгүн, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ишин каржылоонун тартибин төмөнкүлөрдү жасоо менен бузуу:

1) шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжага жетүү максатында, тиешелүү фондду кыйгап өтүү менен талапкерге, саясий партияга, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топко ири суммадагы акча же башка материалдык каражаттарды берүү;

2) шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжаларга жетүү максатында шайлоо фонддоруна, референдум фонддоруна которулбаган ири суммадагы акча каражаттарын чыгымдоо;

3) шайлоо же референдум менен түздөн түз же кыйыр байланышкан жана шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжаны алууга же референдум демилгесин жылдырууга багытталган, тиешелүү шайлоо фондунан акысын төлөөсүз же тиешелүү шайлоо фондунан негизсиз төмөндөтүлгөн баада акы төлөө менен ири өлчөмдө жүзөгө ашырылган акы төлөнүүчү жумуштарды аткаруу, товарларды сатып өткөрүү, акы төлөнүүчү иштерди аткаруу;

4) алмаштыруучу адамдар аркылуу шайлоолор жана референ-

думдар жөнүндө мыйзамдарда тыюу салынган кайрымдуулук каражаттарын шайлоо фондуна же референдум фондуна ири өлчөмдө төгүү –

*IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга (4 жылдан 5 жылга чейинки мөөнөткө) же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (2 жыл 6 алты айдан 3 жылга чейин), же V категориядагы айып салууга (220 000 сомдон 260 000 сомго чейин) же I категориядагы айып салуу (60 000 сомдон 100 000 сомго чейин) менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга (2 жыл 6 алты айга чейин) жазаланат.*

- **194-берене. Шайлоо же референдум өткөрүүдө каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу**

Талапкердин, саясий партиянын талапкеринин же референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, алардын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн төмөнкүдөй жолдор менен жасаган аракеттери:

1) шайлоо фондуна, референдум фондуна түшпөгөн каржы же материалдык каражаттарды шайлоо өнөктүгүн өткөрүү же референдумду өткөрүү демилгесин жылдыруу максатында ири өлчөмдө пайдалануу;

2) шайлоолор жана референдумдар жөнүндө мыйзамдарда тыюу салынган жана атайын шайлоо эсебине, референдум фондунун атайын эсебине которулган кайрымдуулук каражаттарын ири өлчөмдө чыгымдоо –

*IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга (4 жылдан 5 жылга чейинки мөөнөткө) же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин), же V категориядагы айып салууга (60 000 сомдон 100 000 сомго чейин) же I категориядагы айып пул төлөө менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.*

- **195-берене. Шайлоо документтерин бурмалоо**

1. Шайлоо документтерин, референдум документтерин бурмалоо, добуштарды билип туруп туура эмес эсептөө же шайлоонун, референдумдун натыйжаларын билип туруп туура эмес белгилөө, эгерде бул жосундар шайлоо комиссиясынын, референдум

өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөсү, талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, ишенимдүү адамы, ошого тете саясий партиянын, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан жасалса –

*IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (2 жыл 6 алты айдан 3 жылга чейин) же V категориядагы айып салууга (220 000 сомдон 260 000 сомго чейин) же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга (1 жылдан 2 жылга чейин) жазаланат.*

2. Төмөнкүлөр жасалган ошол эле жосундар:

1) шайлоо комиссиясынын же референдум өткөрүү боюнча комиссиянын төрагасы, төрагасынын орун басары, катчысы тарабынан;


2) алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу менен –

*VI категориядагы айып салууга (260 000 сомдон 300 000 сомго чейин) же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга (1 жылдан 2 жылга чейин) жазаланат.*

## 3. БУЗУУЛАРГА ЫКЧАМ ЧАРА КӨРҮҮ ЖАНА КӨРҮЛГӨН ЧАРАЛАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМДОО

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамына кабыл алынган өзгөртүүлөргө ылайык ыкчам чара көрүүчү координациялык топтор жөнүндө түшүнүк киргизилген. Мындай түрдөгү топту уюштуруу тажрыйбасы 2016-жылы башталгандыгын эске алуу керек жана 2019-жылы өзүнүн ченемдик бекемделишине ээ болгон.

Алсак, учурда көрсөтүлгөн мыйзамда шайлоолорду даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо комиссиялары **тарабынан ыкчам чара көрүүчү координациялык топтор (мындан ары – ЫЧКТ)** түзүлө тургандыгы белгиленген. Шайлоо комиссияларынын бардык деңгээлдеринде ЫЧКТ түзүлөт, анын курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирет.




*Ыкчам чара көрүү координациялык тобунун ишинин тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан кабыл алынган жобо менен жөнгө салынат (КР БШКнын 2020-жылдын 4-февралындагы № 33 токтому менен бекитилген «Ыкчам чара көрүүчү координациялык тобунун иш тартиби жөнүндө жобо»).*

МАКСАТТАРЫ:

ЫЧКТ шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна ыкчам чара көрүү жана жарандарды көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө маалымдоо максатында түзүлөт

ПРИНЦИПТЕРИ:

ЫЧКТ өз ишин мыйзамдуулук, ачыктык жана айкындуулук принциптеринде жүзөгө ашырат.

Кыргыз Республикасынын шайлоолорун даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо комиссияларынын чечимдери менен Борбордук шайлоо комиссиясынын, аймактык шайлоо комиссияларынын деңгээлинде ыкчам чара көрүүнүн координациялык топтору түзүлөт, алардын курамына тиешелүүлүгүнө жараша Борбордук шайлоо комиссиясынын, аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлери, прокуратура органдарынын, ички иштер органдарынын, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдарынын тиешелүү деңгээлдеги органдарынын (укук коргоо органдарынын) өкүлдөрү кирет.

Укук коргоо органдары Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Борбордук шайлоо комиссиясынын жана/же аймактык шайлоо комиссияларынын суроо-талабы боюнча ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобунун курамына киргизүү үчүн өз өкүлдөрүнүн маалыматтарын шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 5 календардык күнүнөн кечиктирбестен жөнөтүшөт.

*Мында топтордун курамына тиешелүү деңгээлдердеги (борбордук, облустук, райондук, шаардык) органдардын жетекчилери, ошондой эле жумушчу тартибинде өз ара аракеттенүү үчүн башка кызматкерлер да кирүүгө тийиш.*

## ЫЧКТ МИЛДЕТТЕРИ:

Келип түшкөн кайрылууларды, шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъектилеринин арыздарын жана даттануулары, шайлоо мыйзамдарын бузуулар боюнча ЖМКнын, интернет басылмалардын билдирүүлөрүн кабыл алуу, иштеп чыгуу жана ыкчам талдоо

↓

Ар бир сигнал, кайрылуу, арыз боюнча аракеттердин алгоритмин талдоо жана иштеп чыгуу, зарыл чаралар жөнүндө ыкчам тапшырмаларды берүү (укук коргоо органдары өзүнүн компетенциясынын алкагында)

↓

Арыздарда, даттанууларда жана шайлоочулар менен шайлоо процессинин башка субъектилеринин кайрылууларында баяндалган маалыматтардын (сигналдардын) жана фактылардын аныктыгын токтоосуз текшерүүнү ыкчам чара көрүү үчүн тиешелүү чечим кабыл алууга тийиш болгон тиешелүү органдарга жөнөтүү

↓

Ар кандай формадагы тартип бузуу иштеринин абалы жана көрүлгөн чаралар жөнүндө жарандарга дайыма маалымат берүү

Тартип бузуулар жөнүндө укук коргоо органдарынын жана шайлоо комиссияларынын каналдары боюнча маалыматтарды туруктуу негизде жыйноо

Коопсуздукту жана коомдук тартипти камсыз кылуу, ошондой эле шайлоочуларды сатып алууну, жарандардын шайлоо укуктарын же шайлоо комиссияларынын ишин бузган аракеттерге бөгөт коюу боюнча ыйгарым укуктардын алкагында келип түшкөн сигналдар боюнча чараларды кабыл алуу жөнүндө сунуштар

ЫЧКТнын иши борбордук деңгээлде Борбордук шайлоо комиссиясынын жана Шайлоо комиссияларына Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоону өткөрүүнү уюштуруу жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу маселелерин чечүүдө көмөктөшкөн Республикалык штабдын жетекчилиги тарабынан жөнгө салынат (Кыргыз Республикасынын Вице-премьер-министри тарабынан).

Борбордук ЫЧКТ менен аймактык ЫЧКТнын өз ара иштешүүсү, шайлоо мыйзамдарынын бузулгандыгы тууралуу фактылар боюнча маалымат алмашуусу ЫЧКТнын отурумдарында жүзөгө ашырылат.

ЫЧКТ отурумдарын жума сайын аймактык ЫЧКТ менен онлайн режиминде байланышып өткөрөт. Отурумдарда резонанс жараткан маселелер боюнча көрүлгөн чаралар талкууланып, аймактык ЫЧКТ-лар жана укук коргоочу органдардын, прокуратура органдарынын, улуттук коопсуздук органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери берген маалымат угулат.

Баардык каралып чыккан арыздар (даттануулар) билдирүүлөр жана алар боюнча колдонулган чаралар Борбордук Шайлоо Комиссиясынын расмий сайтында ЫЧКТнын реестринде ар күн сайын жайгаштырылат.

БШК ЫЧКТ КАТЧЫЛЫГЫ:

- 1255 кыска номери
- электрондук дареги: kgor_cec@shailoo.gov.kg
- ишеним телефону: 0312 62-62-46
- WhatsApp: 0990021255

## 3.1. ДАТТАНУУЛАР РЕЕСТРИ

Шайлоо комиссияларына келип түшкөн бардык арыздар (даттануулар) милдеттүү түрдө катталууга тийиш.

Шайлоо комиссияларынын дарегине келип түшкөн шайлоо процессинин катышуучуларынын даттанууларын жана арыздарын эсепке алуу жана мониторинг жүргүзүү максатында Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында Арыздар жана даттануулар реестри түзүлгөн жана иш алып барууда. Шайлоо комиссияларына бардык келип түшкөн арыздар (даттануулар) жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер тууралуу маалымат милдеттүү түрдө аталган Реестрде жайгаштырылат.

Реестр Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоо комиссияларынын ишинин **ачыктыгын жана айкындуулугун камсыз кылуу, шайлоо процессинин субъекттерин (катышуучуларын)**, ошондой эле башка кызыкдар адамдарды шайлоо комиссиялары тарабынан каралган арыздар (даттануулар) жөнүндө маалымдоо максатында түзүлгөн.

Арыздар (даттануулар) катталгандан кийин Жумушчу топтун кароосуна берилет, ал арыздарды (даттанууларды) алдын ала карап чыгып, АШК, БШКнын жыйналышына чечимдин долбоорун кирги-

зет. **Чечимдер АШК, БШКын жыйналыштарында чыгарылат.** Мында, шайлоо комиссиясынын чечими жумушчу топ сунуштаган чечим менен дал келбей калышы мүмкүн.

Аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан каралган бардык арыздар (даттануулар) Шайлоочулардын укуктарын бузуу фактылары жөнүндө реестрде чагылдырылууга тийиш (кагаз нускада) жана Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына күн сайын жарыялоо үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына берилет.

### Шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылат


Аймактык шайлоо комиссиясынын/Борбордук шайлоо комиссиясынын бардык катталган арыздары (даттануулары) Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында Арыздардын (даттануулардын) реестринде **катталган учурдан тартып 5 календарлык күндөн кечиктирилбестен** чагылдырылат. Участкалык шайлоо комиссияларынын Арыздар (даттанууларды) реестри Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жыйынтык чыгарылгандан кийин 5 календарлык күндөн кечиктирилбестен чагылдырылат.

Реестр БШК тарабынан шайлоо комиссияларынын ачыктыгын жана айкындуулугун камсыз кылуу, шайлоо процессинин субъекттерин шайлоо комиссиялары тарабынан каралган арыздар (даттануулар) жөнүндө маалымдоо максатында түзүлгөн.

### Реестрде төмөнкү маалыматтар камтылат:

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Арыздарды (даттанууларды) караган шайлоо комиссиясынын аталышы | Арыздарды (даттанууларды) берген адамдын жана (же) анын өкүлүнүн инициалдары | Арыздар (даттануулар) келип түшкөн дата | Арыздардын (даттануулардын) кыскача мазмуну | Арыздарды (даттанууларды) кароонун жыйынтыктары боюнча Шайлоо комиссиясынын чечими, көрсөтүлгөндүн тексти жайгаштырылат | Бишкек шаарынын административдик сотунун жана Жогорку Соттун чечими |

Мисал катары, сүрөттө БШКга келип түшкөн Даттануулар реестри менен экрандын скрини берилген. Аталган маалымат ресурста даттануунун көчүрмөсү, ошондой эле даттанууну кароонун жыйынтыгы боюнча АШКнын протоколу тиркелген.




Аймактык/борбордук шайлоо комиссияларында бардык катталган даттануулар (арыздар) даттанууну каттаган учурдан тартып 5 күндөн кечиктирбестен Реестрде чагылдырылат.

УШКнын Даттанууларынын (арыздарынын) реестри жыйынтыктарды чыгаргандан кийин 5 календардык күндөн кечиктирбестен БШКнын сайтында чагылдырылат.

## 3.2. БУЗУУЛАРДЫН БИРИККЕН РЕЕСТРИ

Мыйзам бузуулар жөнүндө протокол түзүүгө укугу бар адамдар мыйзам бузуу жөнүндө түзүлгөн протоколду ББРдин электрондук тутумуна өзүнүн логин жана жеке паролун колдонуп токтоосуз катташат.

Каттоо токтоосуз ишке ашырылышы керек, бирок мыйзам бузуу жөнүндө протокол түзүлгөн учурдан тартып 24 сааттан кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте жүргүзүлүүгө тийиш.

Комиссиянын катчысы тарабынан ERNде мыйзам бузууну каттоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте мыйзам бузуу жөнүндө протокол түзүлгөн учурдан тартып 24 сааттан кечиктирилбестен жүргүзүлүүгө тийиш.

Мыйзам бузууларды Бирдиктүү реестрге каттоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-декабрындагы №603 токтому менен бекитилген «Бузуулардын бирдиктүү реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө» жободо аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

## 3.3. КЫЛМЫШТАРДЫН ЖАНА ЖОРУКТАРДЫН БИРИККЕН РЕЕСТРИ

**Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри –** бул сотко чейинки өндүрүштүн башталышы, процесстик аракеттер, кылмыш ишинин жана (же) жосунсуз жоруктар жөнүндө, арыз ээлери жана жазык процессинин катышуучулары жөнүндө маалыматтарды камтыган электрондук маалымат базасы.

Кылмыштар менен жоруктардын бирдиктүү реестри (мындан ары КЖБР) жөнүндө убактылуу жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-декабрындагы №602 токтому менен бекитилген.

**КЖБРге каттоого төмөнкүлөр** негиз боло алат:

- жарандардын арызы;

- кызмат адамдарынын, БШКнын, АШКнын мүчөсүнүн билдирүүлөрү;

- укук коргоочу органдын кызматкеринин (прокурордун, милициянын ыкчам кызматкеринин) жасалган кылмыш ишин, жорукту далилдеген шарттардын ачыктан-ачык аныкталгандыгы тууралуу рапорту.

► Жасалган кылмыш иши же жорук тууралуу билдирген адам арызды өзү толтурат жана ага атайылап жалган маалымат бергени үчүн ЖКнын 344-беренеси боюнча жазык жоопкерчилигине тартыла тургандыгы сөзсүз түрдө эскертилет.

► Жашыруун кайрылуулар, ошондой эле байланыш каналдары аркылуу белгисиз адамдардан келип түшкөн билдирүүлөр прокурордун, тергөөчүнүн, алгачтергөөчүнүн рапорту менен ырасталгандан кийин гана КЖБРге катталат.

► Кызмат адамынын, БШКнын, АШКнын, УШКнын мүчөсүнүн билдирүүсү, ошондой эле байланыш каналдары аркылуу келип түшкөн билдирүүлөр.

► Юридикалык жактын кылмыш иши же жорук тууралуу билдирүүсү кат түрүндө түзүлүп, тийиштүү ишеним каттын негизинде анын жетекчисинин же ыйгарым укуктуу адамдын колу коюлуп, билдирүүгө кол койгон адамга жазык жоопкерчилиги тууралуу эскертилет.

► Жасалган кылмышты же жорукту далилдеген, прокурор, тергөөчү, алгачтергөөчү же милициянын кызматкери белгилеген, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдырылган шарттар ачыктан ачык аныкталса, ушул шарттарды аныктаган адам рапорт түзөт.

Алгачтергөө органынын ыйгарым укуктуу адамы (алгачтергөөчү), тергөөчү, прокурор жасалган кылмыш иши же жорук тууралуу арыз, билдирүү **келип түшкөн учурдан 24 сааттан кечиктербестен токтоосу**з КЖБРге тийиштүү маалыматты каттоого милдеттүү (ЖПКнын 149-беренесинин 1-бөлүгү).

Жасалган же жасала турган кылмыш иши же жорук жөнүндө арызды же билдирүүнү каттоодон баш тартуу же жашыруу үчүн Жазык кодексинин 357-беренеси боюнча жоопкерчилик каралган.

## МКЖ - КЖБР

ИИОнун нөөмөт бөлүгүнүн кызмат адамы кылмыш иши же жорук жөнүндө келип түшкөн маалыматты маалыматты каттаган электрондук журналга (МКЖ) каттоого тийиш, так ушул учурдан баштап КЖБРге тийиштүү маалымат киргизиле турганга чейинки 24 саат эсептеле баштайт.

Нөөмөттөгү тергөөчү, алгачтергөөчү кайрылууда (арызда, билдирүүдө) жасалган кылмыш ишинин (ЖКнын 191-, 192-беренелери) же жоруктун (ЖЖКнын 87, 871, 872-беренелери) белгилери камтылса, КЖБРге тийиштүү маалыматты киргизүүгө милдеттүү.

Эгер МКЖга киргизилген маалыматта жасалган кылмыш ишинин же жоруктун белгилери көрсөтүлбөсө, келип түшкөн маалымат тергөөчүнүн, алгачтергөөчүнүн рапорту менен журналдан өчүрүлөт.

Маалыматтын КЖБРге катталганы тууралуу (сотко чейинки өндүрүштүн башталганы тууралуу) жасалган кылмыш иши же жорук жөнүндө билдирген жеке же юридикалык жакка **билдирме талону** берилет (жасалган кылмыш иши жана (же) жорук тууралуу кабыл алынган арыздын же билдирүүнүн Маалыматты каттоо журналында (МКЖ) аны кабыл алган адамдын аты-жөнү, катталган убакыты жана номери (сөзсүз түрдө QR код менен кошо) көрсөтүлүп катталганын билдирген документ. Ушул маалымат аркылуу арыз ээси арызынын же билдирүүсүнүн каралып жатканына көз сала алат).

## Прокурордук көзөмөл

Жазык ишин тергөөчү, жоруктарга байланыштуу иштерди алгачтергөөчү сотко чейинки өндүрүштүн башталганы тууралуу сотко чейинки өндүрүш органдарынын кылмыш иши (жорук) тууралуу арызды (билдирүүнү) кабыл алып, КЖБРге каттоо талабынын аткарылышын көзөмөлдөгөн прокурорго 24 сааттан кечиктирбестен кабарлайт.

Көзөмөлдөөчү прокурор КЖБРдин электрондук системасына кирип, жазык иштерине жана жоруктарга байланыштуу материалдарды, документтерди жана башка маалыматты толук көрө алат (ЖПКнын 33-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пункту).

## Тергөөгө караштуулук

Жоруктар жөнүндө кодекстин 87, $87^1$, $87^2$-беренелеринде каралган жоруктар боюнча сотко чейинки өндүрүш ишин ИИОнун алгачтергөөчүсү жүргүзөт (ЖПКнын 503-беренесинин 1-бөлүгү).

Жазык кодексинин 191-, 192-195-беренелеринде каралган кылмыштар жөнүндө жазык иштери боюнча сотко чейинки өндүрүш ишин ИИОнун тергөөчүсү жүргүзөт (ЖПКнын 153-беренесинин 1-бөлүгү).

## Сотко чейинки өндүрүш

КЖБРге каттагандан кийин, алгачтергөөчү, тергөөчү ЖПКда каралган тартипте токтоосуз тергөө аракеттеринин өндүрүшүн баштоого милдеттүү.

Алгачкы тергөө аракеттерине төмөнкүлөр кирет:

- ыкчам-тергөө тобу окуя болгон жерге барып, зарылчылыкка жараша, окуя болгон жерди карап чыгышат;
- арыз ээсин, окуяны көргөн адамдарды күбө катары суракка алышат;
- шектүү адамды тергөө органына (алгачтергөө) жеткирип, шектүү катарында суракка алышат;
- тергөө ишине катышы бар буюмдарды жана документтерди издеп, алышат (өтө зарыл учурларда тергөө сотунун уруксатысыз).

Жалпы эреже боюнча, ЖЖКнын 87, 871, 872-беренелеринде каралган жорук же ЖКнын 191-, 192-беренелеринде каралган кылмыш

үчүн шектүү адамды 48 саатка чейин кармоого жол берилбейт, себеби бул беренелердеги санкцияларда эркинен ажыратуу түрүндө жазалоо чарасы каралган эмес (ЖКнын 192-беренесинин 2-бөлүгүн эске албаганда).

Шектүү адамдан өз ыктыяры менен келүү милдеттенмеси алынышы мүмкүн.

Шектүү адамдын кылмыш ишин же жорукту жасаганын далилдеген материалдар жетиштүү болсо, алгачтергөөчү, тергөөчү анын шектелгендиги тууралуу билдирме беришет.

Мамлекеттик органдардын кызмат адамдарынын шектелгендиги тууралуу билдирүү чечимин Башкы прокурор же прокурор кабыл алат, алардын тизмеси “КРнын Конституциясында белгиленген прокуратуранын айрым ыйгарым укуктары жөнүндө” КРнын Конституциялык Мыйзамында келтирилген.

Жасалган кылмыш иши же жорук фактысына байланыштуу маалымат КЖБРге киргизилет. Эгер белгилүү бир адам тууралуу маалымат киргизилген болсо, ЖПКнын 233-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, ошол адамга кылмыш ишинен же жоруктан шектелип жаткандыгын кабарлаганга же шектүү катары кармалганга чейин ал тууралуу маалымат КЖБРге киргизилсе, ошол адам үчүн эч кандай укуктук кесепети болбойт.

Шектелгендиги тууралуу билдирмеден кийинки процесстик аракеттер ЖКда көрсөтүлгөн эрежелер жана мөөнөттөр боюнча жүргүзүлөт

## Сот көзөмөлү

ЖКнын 132-беренесине ылайык, прокурордун, тергөөчүнүн, алгачтергөөчүнүн бардык чечимдери, аракеттери (аракетсиздиги) боюнча сотко чейинки өндүрүш болгон жердеги сотко даттанса болот.

Тергөө судьясы токтомдордун, ошондой эле башка чечимдер менен аракеттердин (аракетсиздиктин) мыйзамдуулугу менен жүйөлүүлүгүн текшерип, даттануу келип түшкөн күндөн 3 суткадан кечиктирбестен соттук отурумда арыз ээсинин жана даттанылып жаткан аракеттерде (аракетсиздикте) же чечимдерде кызыкчылыктарына түздөн түз доо кетип жаткан адамдардын катышуусунда чечим чыгарат.